УДК 801.3

# ГЕОСАЯСИЙ ПРОБЛЕМАЛАР ЖЕР-СУУ АТТАРЫНДА

М.С.ШАМШИЕВА

*E.mail. ksucta@elcat.kg*

*Макалада топонимдердин мааниси жана геосаясий проблемалары жөнүндө айтылат.*

*В статье рассматриваются проблема геополитики и значение топонимии.*

*This article is considered the role of geopolitical problems and the meaning of toponyty.*

**Топонимдер** (ошондой эле географиялык терминдер) илим үчүн өтө кызыктуу жана натыйжасы өзгөчө керектүү болуп саналат. Анткени алар **жер шартынын физико-географиялык түзүлүшүн, ошол чөлкөмдө болуп өткөн тарыхый окуяларды чагылдырган, чындыктын күзгүсү жана элдин маданий-экономикалык турмушунун реалдуу көрсөткүчү** болуп саналат /2/. Демек, **топонимдер бул же тигил аймактын** (энчилүү ат берген координанттын) **коомчулук тарабынан ыйгарылган паспорту**, документи болуп эсептелет. Мына ошондуктан топонимдерди илимий жактан изилдөө дайыма актуалдуу.

Топонимдер жалпы эле кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн, ошонун ичинде, кыргыз тилинин тарыхына тиешеси бар баалуу фактылардын булагы болуп саналат. Анткени **топонимдер аймактык чекти же табияттын** бир бөлүгүн атап көрсөтпөстөн, **элдин ой-максатын, маданиятын, дүйнө таануусун да чагылдырган**.

**Топонимдерди элдин өнүгүү тарыхынан, маданиятынан жана менталдык өзгөчөлүгүнөн ажыратып кароого болбойт**. Тилдик коллективдин, б.а. элдин коомдук формациялардын тарыхый этаптарын басып өтүүсү, маданий-интеллектуалдык калыптануусу жана дүйнө кабылдоосу чөлкөмдүк топонимияда айкын чагылдырылган. Ошондой эле кыргыздардын эл аралык дипломатиясынын өнүгүүсү, тилдердин карым катышы жана согуштук стратегиялары айныксыз тилдик фактылар катарында орун алган.

**Топонимдер элдин географиялык, картографиялык жана космо-теологиялык түшүнүктөрдүн өнүгүүсүнө конкреттүү шарттардын түзүлүшүн камсыз кылган.**

Ошондой эле **топонимдер табигый ориентир** болгон объектилерди атап көрсөтүү менен **этностун чөлкөмдүк** жана жергиликтүү **калыптануу чөйрөсүн тактап көрсөтөт**.

**Топонимдер** бир гана коомдогу индивиддин же болбосо инсандын жеке байлыгы же көз карашы болуп саналбастан, **коомдун, элдин түбөлүктүү байлыгы** катарында аныкталат да тынымсыз өнүгүүдө болгон тилдик түзүлүштүн маанилүү элементи болуп саналат /1/.

**Элдин географиялык, физикалык жана геодезиялык түшүнүктөрүнүн калыптануусу, өнүгүүсү реалдуу объектилердин аталышы менен камыр жумур болуп, кыргыз тилинин тарыхый өнүгүү этаптарынын көрсөткүчү катарында да кызмат кылат.** Анткени тилдик аң сезимдин реалдуу чындыкты, объектилердин экстралингвистикалык конфигурациясын сандык жана сапаттык планда кабылдоо топонимдердин генезисин аныктаган.

Лейлек районунун жалпы тарыхы жана тилинин өзгөчөлүгү ар дайым тарыхчылардын, географтардын жана тилчилердин көңүлүн өзүнө буруп келген. Лейлек жергесинен табылган археологиялык табылгалар аты аталган чөлкөмдө кыргыз урууларынын байыртадан бери эле жашагандыгын ырастайт /2/.

А.Н. Бернштам Кожо-Бакырган өрөөнүнөн табылган археологиялык эстеликтерге жана адам сөөктөрүнө таянып, Лейлек районунун чөлкөмү биздин эрага чейинки 2-1 - кылымдарда эле өздөштүрүлгөндүгүн далилдеген /3/. Ошондой эле белгилүү тарыхчылар В.П.Мокрынин жана В.М.Плоских Лейлек жергесинен табылган эстеликтер бул аймакта түпкүлүктүү жашоочулар кыргыз уруулары болгондугун белгилешкен /4/.

Байыркы түрк тилдик катмары жалпы Кыргызстандын топонимиясындагы негизги катмарлардан болуп саналгандыктан, бул маселе  көптөгөн тилчи-окумуштуулардын көңүлүн буруп келген. Кыргызстандын топонимиясынын Алтай, Түштүк Сибирде жашаган түрк урууларынын топонимиясы менен байланышы бар экендигин Э.М.Мурзаев алгачкылардан болуп белгилеген /5/. Кыргызстандын топонимиясынын түндүк тилдик ареалындагы байыркы түрк тилине тиешелүү топонимдер Д.Исаев тарабынан изилденген /6/. Ал эми түштүк Кыргызстанда жолугуучу байыркы түрк катмарына кирүүчү топонимдерди К.К.Конкобаев терең талдоого алган /7/. Бирок К.К.Конкобаевдин изилдөөлөрүндө Лейлек районунун байыркы түрк тилине тиешелүү болгон бирин-экин гана топонимдери талдоого алынган. Ошондой эле Лейлек районунун топонимиясындагы байыркы түрк катмарларына кирүүчү гидронимдер Н.Жапаровдун изилдөөлөрүндө каралган /8/.

Лейлек районунда 14төн ашуун улуттардын өкүлдөрү жашайт. Алардын ичинен 68,7 пайызы кыргыздар, 25,3 пайызы өзбектер, 5,8 пайызы тажиктер, калган 0,2 пайызын

бөлөк улуттун өкүлдөрүнүн урпактары түзөт. Административдик аймактык жактан 9 айылдык Кеңештен, өкмөттөн, 47 элдүү пункттан турат.

Лейлек жергесиндеги (районундагы) топонимдер (жер-суу аттары) - Лейлек говору (же лейлектик кыргыздардын тили) менен бир тутумдагы ономастикалык жана универсалдуу категория. Демек, элдин дүйнөнү кабыл алуу моделинин алкагындагы көрүнүш.

Лейлектик кыргыздардын этникалык картасын ичкилик кыргыздар (Юдахин), анын ичинде тейит, абаат, чапкылдык, кесек жана найман сыяктуу ири уруулар түзөт. Бул уруулардын тили жана топонимиясы мааниге ээ болгон карама-каршылыктарга учурабайт. Бирок аталган уруулардын тилинде жалпы кыргыз тилине тиешелүү болгон топонимдик курам толук бойдон сакталган.

Лейлек районунда кыргыз уруулары менен биргеликте кыргыз элинин тутумунда кийинчерээк кирген майда урууларды да жолуктурабыз. Мисалы, алар - чүрбөкү, сибирги, чуулдак ж.б.

Лейлек районунун борбору Исфана шаарында, негизинен, 70% жогору башка тилде сүйлөгөн элдердин (тажик, өзбек) өкүлдөрүнөн тургандыктан шаар топонимиясына жана анын калыптанышына өз таасирин тийгизген.

Азыркы күнгө чейин Исфана шаарынын микротопонимиясынын калыптанышына өзбек тилинин басымдуу таасири бар десек жаңылышпайбыз. Ошол себептен шаардын аймагында азыркы күнгө чейин тажик, өзбек тилине тиешелүү болгон топонимдер жана топоформанттар арбын жолугат. Мисалы: Махала, Янгиобод, Порхана ж.б.

Лейлек району – кыргыз элинин өткөндөгү турмушуна тийешелүү болгон тарыхый жана маданий байлыктарга мол аймактардан. Лейлек районунун топонимикасын изилдөө жана окуп үйрөнүү бир гана лингвистикалык проблемалар менен чектелбестен, кыргыз элинин жана кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн аймактык бүтүндүгүн сактоонун орчундуу маселеси да болуп саналат. Мына ушул сыяктуу, олуттуу кечиктирилгис талаптарды чечүүдө лингвистикалык өңүттөн иликтөөлөрдү жүргүзүү зарылчылыгын туудурууда. Албетте, топонимдердин тактальшы, иретке салынышы кайсы бир деңгээлде биздин өлкөбүздүн коопсуздугун сактоого жана тышкы саясатты рационалдуу жүргүзүүгө өбөлгө түзөт.

Тилдик өңүттөн, анын ичинде, ономастикалык алкактан алып караганда, Лейлек жергесинин топонимикасы кыргыз тилинин ажырагыс бир бөлүгү болуу менен бирге, нечендеген кылымдардан бери жашап келген кыргыз тилинин өсүп-өнүгүү жолун, өзгөчөлүктөрүн, ономастикалык (анын ичинде топонимиясын) мыйзам ченемдерин ачып

көрсөтөт. Ушул жагдайдан ой жүгүрткөндө Лейлек топонимдеринин иликтениши жалпы эле кыргыз топонимдеринин табият-сырын терең таанып билүүгө салым кошо алат.

Элдин маданияты, менталитети, өзөктүү рухий дөөлөттөрү кайсы бир деңгээлде топонимдерде камтылгандыктан, Лейлек топонимдеринин илимий негизде ар тараптан изилдениши кыргыз элинин маданий, рухий жактан өнүгүш этаптарын аныктап тактоого көмөкчү болот деп ойлойбуз.

Ошондой эле акыркы мезгилде геосаясий процесстердин күчөп турган учурунда жана миграция маселесинин күн тартибинде курч орун алган мезгилинде географиялык объектилердин аталыштары чек ара маселелерин тактоодо өзгөчө мааниге ээ болот. Мындай илимий жактан маанилүү жүктү көтөргөн маселелердин төркүнүн Лейлек топонимикасынан издегенибиз туура деген ишенимдебиз. Ушул жагдайлар бул илимий иштин актуалдуулугун аныктайт.

Атап кетсек, Лейлек районундагы чектеш Тажикстанда Кара-Кум деген жерди алсак болот. Кайсы бир жылдарда Кара-Кумга чейинки жерлер кыргыздарга тиешелүү болсо, азыркы мезгилде Ал Тажикстанга карап калган. Жалпы эле Баткен облусунун көпчүлүк жерлери кыргыздарга тиешелүү болсо дагы, айрыкча сугат жерлер өзбек же тажик туугандарга өтүп, ал гана эмес отурукташып да алышкан.

Жигдалиг- (Жигделүү) айылында толук бойдон кыргыздар жашап, жердин аты да кыргыздарга тиешелүү болсо дагы, ал Тажикстандын районуна карап калган.

Башка улуттун элдери Кыргызстанга келип отурукташышып, улам барган сайын көбөйүп жатышат. Кайсы бир жылдары бул кыргыздын жерлери да Тажикстан же Өзбекстан болуп кетиши мүмкүн. Ошондуктан геосаясий проблемаларды убагында чечип, чек-ара маселелерине чекит коймойунча келечекте улуттар арасында чыр-чатактардын пайда болушуна өбөлгө түзүшү мүмкүн.

Бүгүнкү күндө коомдук өнүгүштүн натыйжасында жергиликтүү элдин жер колдонуудагы максаттары өзгөрдү. Ушуга байланыштуу Кыргызстандын, анын ичинде Лейлектин да көптөгөн жерлеринин аттары унутулуп бара жатат. Унутулуп бара жаткан жер-суу аттарынын мааниси, структуралык курамы, этимологиялык негиздери иликтөөгө алынса, мындай көрүнүш кыргыз этномаданий карым-катнаштарын аныктоого, кыргыз тилинин тарыхый өнүгүш этаптарын иликтөөгө көмөкчү факт-материалдарды бере алат.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Абдрахманов А.А. Вопросы топонимики Казахстана // Топонимика Востока. – М., 1962. – С. 46-53.

2. Мурзаев Э.М. Географическая ориентация у тюрко-монгольских народов//Топонимика СССР. – М., 1990. – С.3-11.

3. Бернштам А.Н. Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана. – Т.1. – Бишкек,. 1997. – 559 с.

4. Мокрынин В., Плоских В. История Кыргызстана. – Бишкек: Кыргызстан, 1995. – 304 с.

5. Мурзаев Э.М. Апеллятивы в топонимах средней Азии //Ономастика Средней Азии. – Фрунзе, 1980. – С.198-211.

6. Исаев Д. Жер-суу аттарынын сыры. – Фрунзе: Мектеп, 1977. –152 б.

7. Конкобаев К. Топонимия Южной Киргизии. – Фрунзе: Илим, 1980. – 172 с.

8. Джапаров Н.Р. Гидронимия Кыргызстана: Дис. … канд. филол. наук. – Бишкек, 2006. – 150 с.